ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№3 ПРОТОКОЛУ**

*3-декабрь, 2024-жыл.*

*Төрага* Б.А. Азимов
*Окумуштуу катчы* З.Ж. Мурзакматова
*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү – 51 мүчөсүнөн 37 мүчөсү бар.

*Күн тартиби:*

1. Магистратура программаларынын аткарылышынын абалы жана алдыдагы милдеттер *(МФТИТ институтунун магистратура жана Phd доктарантура бөлүмүнүн башчысы Бекмурза уулу Ы.);*
2. 1-модулдун жыйынтыгы, катышуунун абалы жана электрондук журналдын толтурулушу *(МФТИТ институтунун директорун күндүзгү окуу бөлүмүнүн орун басары тех.и.к., доцент Т.К. Матисаков);*
3. Ар түрдүү маселелер.

УГУЛДУ: МФТИТИ институтунун директору, доцент Б.А. Азимов күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Окумуштуулар кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-маселеге 7-15 минутага чейин жана 2-3-маселелер боюнча 5-8 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе.**

УГУЛДУ: магистратура программаларынын аткарылышынын абалы жана алдыдагы милдеттер боюнча МФТИТ институтунун магистратура жана Phd доктарантура бөлүмүнүн башчысы Бекмурза уулу Ыбадылланын отчету угулду.

СУРОО-ЖООП:

*И.Г. Кенжаев (институттун профессору):* кытайдан келген магистранттарга сабактар кайсы тилде жүргүзүлүп жатат?

*Жооп:* кытайдан келген магистранттарга расмий тилде сабактар өтүлүп жатат.

*А. Келдибекова (МИОТББМ кафедрасынын башчысы, профессору):* кытайдан келген магистранттарга жатаканадан орун берилгенби?

*Жооп:* жатакадан орундар каралып жатат. Студенттер кайрылышса, орундарды даярдап беришет. Ал боюнча сүйлөшүүлөр болуп жатат.

Бул маселе боюнча жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. МИТ факультетинин 2024-2025-окуу жылынын магистратура бөлүмү боюнча баяндамачы окуутуучу Ы. Бекмурза уулунун отчету канаатандырарлык деп табылсын;
2. Ар бир кафедра жана тиешелүү структура өзүнүн программасы боюнча иш аракеттерди аткаруу жана көзөмөлгө алуу колго алынсын;
3. SWOT анализде белгиленген кемчиликтерди жоюу үстүндө иш план тузүп, аткарууга киришсин;
4. Магистранттардын илимий-изилдөө иштери боюнча ар бир кафедра, программа жетекчилери иш пландарын кайра карап түзүшсүн;
5. Магистранттардын жана программа жетекчилери менен байланыштар, иш аракеттери сайттарга жайгаштырылсын;
6. Аралыктан окутуунун формаларына педагогикалык адистиктерден сыркары адистиктер MOODLE платформасын колдонушсун;
7. Жогоруда айтылгандарды аткаруу тиешелүү кафедра башчыларына жана программа жетекчилерине, ал эми жалпы көзөмөлдөө МИТ факультетинин магистратура бөлүмүнүн башчысы Ы.Бекмурза уулуна жүктөлсүн.

**2-маселе.**

УГУЛДУ: 1-модулдун жыйынтыгы, катышуунун абалы жана электрондук журналдын толтурулушу боюнча МФТИТ институтунун директорун күндүзгү окуу бөлүмүнүн орун басары тех.и.к., доцент Т.К. Матисаковдун отчету угулду.

ТАЛКУУ:

*А.Ж. Кудуев (АССТ кафедрасынын башчысы, доцент):* келишимдик акыны кеч төлөгөн студенттерге кайра тапшыруу болобу?

*Жооп:* тапшыра албай калган студенттерге арыз жаздырып кайра ачууну пландаштырып жатабыз.

*У.А. Сопуев (ЖМ кафедрасынын башчысы, доцент):* катышуу боюнча анализ так алынганбы?

*Жооп:* биз курс боюнча анализдерди жүргүзгөнбүз.

*А. Келдибекова (МИОТББМ кафедрасынын башчысы, профессору):* 4-курста иштеген студенттер боюнча кандай маселелер каралып жатат. Себеби, мектеп директорлорунун суроо-талаптары боюнча 4-курстун студенттери иштеп жатышат. Ушуга байланыштуу эркин катышуу боюнча кандайдыр бир сунуштарды беришибиз керек.

*М.Ч. Осконбаев (ЭТФ кафедрасынын башчысы, доцент):* азыр студенттердин билиминин сапаты төмөндөп жатат. Студенттердин сабакка катышуусун көзөмөлдөө керек.

*А.О. Келдибекова (МИОТББМ кафедрасынын башчысы, профессору):* сабактарды сапаттуу өтүүнү күчөтүү керек. Сабак өтпөгөн канча окутуучулар менен сүйлөшүүлөр болду?

*Жооп:* сабакты үзгүлтүккө учураткан окутуучулар боюнча атайын журналга каттап жатабыз. Андан сырткары кафедра башчыларына билдирүү жөнөтүп жатабыз.

Бул маселе боюнча жогоруда белгиленген отчеттун, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. МФТИТ институтунун директорунун окуу иштери боюнча орун басары доцент

Т.М. Матисаковдун 2024-2025-окуу жылындагы күзгү семестринин 1-модулуна, электрондук журналдардын абалына жана студенттердин сабакка катышуусу боюнча билдирүүсү эске алынсын;

2. Бүтүрүүчү кафедраларда баяндамада көрсөтүлгөндөр боюнча иш чара иштелип чыгылсын жана ишке ашыруу тиешелүү кафедра башчыларына милдеттендирилсин;

3. Студенттик тайпалар менен тиешелүү иш чаралар иштелип чыгылсын жана ишке ашыруу жагы кураторлорго милдеттендирилсин. Көзөмөлдөө жагы тиешелүү кафедра башчыларына жүктөлсүн;

4. Жалпы көзөмөл директордун окуу иштери боюнча орун басары доцент Т.М. Матисаковго жүктөлсүн.

**Ар түрдүү маселелер.**

1) МФТИТ институтунун 1-курсунун аспиранттары Д.Э. Арыновдун, Бекжан кызы Гулайдын, Убайдилда кызы Бүүсанамдын, К.А. Төлөбаеванын, Б.У. Асановдун, А.Т. Талиповдун, 2-курсунун аспиранттары Н. Замирбек кызынын, Н.Т. Таалайбековдун, Ж. Абдималик кызынын, Т.А. Доноевдин, Ж.Б. Молдоярованын, А. Жапаркуловдун, М. Рахманберди кызынын, М.О. Эргешовдун, 3-курсунун аспиранттары М. Бекиеванын, Э. Маматовдун, А. Садиеванын, М. Кедейбаеванын, 4-курсунун аспиранттары Б. Нурановдун, Абдинаби уулу Эркиндин, А. Шооруковдун 2023-2024-окуу жылы үчүн илимий отчетторун кароо.

*Б.А. Азимов (институттун директору, доцент):* институттун аспиранттарынын отчеттору тиешелүү кафедралардын кеңешмесинде каралып, кафедра мүчөлөрү тарабынан талкуулангандыгы жөнүндө билдирүү келип түшкөн. Бардык тиешелүү документтер, кафедранын кеңешмесинин протоколдору, отчеттору тиркелген. Аспираттар илимий-изилдөө иштери боюнча ар бири өзүнчө кыска баяндамаларды жасашкан.

Ошондуктан, аспиранттардын отчетторун МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңешинде бекитүүгө добушка коёмун.
Окумуштуулар кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту.
Макул-37,
Каршы-жок,
Калыс-жок.

**ТОКТОМ:**

1. МФТИТ институтунун 1-курсунун аспиранттары Д.Э. Арыновдун, Бекжан кызы Гулайдын, Убайдилда кызы Бүүсанамдын, К.А. Төлөбаеванын, Б.У. Асановдун, А.Т. Талиповдун, 2-курсунун аспиранттары Н. Замирбек кызынын, Н.Т. Таалайбековдун, Ж. Абдималик кызынын, Т.А. Доноевдин, Ж.Б. Молдоярованын, А. Жапаркуловдун, М. Рахманберди кызынын, М.О. Эргешовдун, 3-курсунун аспиранттары М. Бекиеванын, Э. Маматовдун, А. Садиеванын, М. Кедейбаеванын, 4-курсунун аспиранттары Б. Нурановдун, Абдинаби уулу Эркиндин, А. Шооруковдун 2023-2024-окуу жылы үчүн илимий отчеттору канааттандырарлык деп табылсын;
2. Д.Э. Арынов, Бекжан кызы Гулай, Убайдилда кызы Бүүсанам, К.А. Төлөбаева, Б.У. Асанов, А.Т. Талипов, Н. Замирбек кызы, Н.Т. Таалайбеков, Ж. Абдималик кызы, Т.А. Доноев, Ж.Б. Молдоярова, А. Жапаркулов, М. Рахманберди кызы, М.О. Эргешов, М. Бекиева, Э. Маматов, А. Садиева, М. Кедейбаева, Б. Нуранов, Абдинаби уулу Эркин, А. Шооруков аттестациядан өттү деп эсептелинсин.

в) И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин профессору, п.и.д. Ш.А. Алиев жана автоматташтырылган системалар жана санариптик технологиялар кафедрасынын башчысы доцент А.Ж. Кудуев жана аталган кафедранын окутуучусу математиканы, информатиканы окутуунун технологиясы жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын аспиранты Р.Р. Ойчуева тарабынан даярдалган «Кесиптик маселелерди чыгаруу боюнча практикум» (инженер адистиктери үчүн) окуу усулдук колдонмону басмага сунуштоо жөнүндө.

УГУЛДУ: Б.А. Азимов ((жыйындын төрагасы, доцент): «Кесиптик маселелерди чыгаруу боюнча практикум» (инженер адистиктери үчүн) деп аталган окуу усулдук колдонмо жогорудагы аталган авторлор тарабынан иштелип чыккан. Тиешелүү кафедранын жана институттун усулдук кеңешинин чечими бар. Анда окуу усулдук колдонмону тааныштыруу үчүн авторлорго сөз берейин.

Ойчуева Р.Р. (автоматташтырылган системалар жана санариптик технологиялар кафедрасынын окутуучусу): бул окуу усулдук колдонмо болочок инженерлерге колдонмо математиканы окутуунун эффективдүүгүн жогорулатуучу мисалдар, маселелер жана аларды чыгаруу жолдорунун топтомунан түзүлгөн. Окуу усулдук колдонмо 3 главадан туруп инженер адистиктерине багытталган мисалдардын жана маселелердин берилиштери менен толукталган. Окуу усулдук колдонмодо инженер адистигине окутулуусу зарыл деп эсептелген математиканын бөлүмдөрү каралган, тактап айтканда биринчи главада сызыктуу алгебранын элементтерин камтыган маселелер, экинчи главада математикалык анализдин түшүнүктөрүн камтыган маселелер, ал эми үчүнчү главада дифференциалдык теңдемелерден түзүлгөн маселелер конкреттүү мисалдардын жардамында көрсөтүлгөн. Окуу методикалык комплексте каралган маселелер болочоктогу инженердин математикалык билимдерди өз кесиптик ишмердүүлүгүндө натыйжалуу колдонуу жөндөмдүүлүгүн калыптандырууга, жакшыртууга багытталган. Окутуу процессинде бул окуу методикалык колдонмо студенттердин билим сапатын жакшыртат деген ишеничтемин, ошондуктан басмага сунуштоо чечимин колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Азимов Б. А. (жыйындын төрагасы, доцент): анда авторлор тарабынан даярдалган «Кесиптик маселелерди чыгаруу боюнча практикум» (инженер адистиктери үчүн) деп аталган окуу усулдук колдонмону басмага сунуштайм жана добушка коем.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана ЧЕЧИМ кылды:

1. И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин профессору, п.и.д. Ш.А. Алиев жана автоматташтырылган системалар жана санариптик технологиялар кафедрасынын башчысы доцент А.Ж. Кудуев жана аталган кафедранын окутуучусу Математиканы, информатиканы окутуунун технологиясы жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын аспиранты Р.Р. Ойчуева тарабынан даярдалган «Кесиптик маселелерди чыгаруу боюнча практикум» (инженер адистиктери үчүн) окуу усулдук колдонмосун басмага сунуштоосун ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Окумуштуулар кенешинин төрагасы — Б.А. Азимов

Окумуштуу катчы — З.Ж. Мурзакматова